"Тээ Кантеңири тоонун ары жагында алмустактан бери эрибей жаткан түбөлүк ак кар, көк муздун койнунда бир касиеттүү өрөөн бар. Жайдыр –кыштыр ал өрөөндө адам баласы али көрө элек өсүмдүктөр өсөт, ысык суу асманга атырылып, өрөөндүн ичи жыпжылуу. Көлүндө балык, жээгинде ар түркүн жаныбарлар оттойт" – деп келип аягында атам: "Арман ай, бир гана жаман жери ал өрөөндү жердеген киши кийиктер бар ал жерде"[9] – деп бүтүрчү атам жомогун.

Бул романда орун алган каада-салттардын бири – керээз айтуу. Илгертен келаткан бул салт азыркы күнгө чейин өз нугун жоготпостон уланып келүүдө. Керээз айтуу бул тирүүчүлүктөн акыркы сапарга аттанып жаткан адамдын акыркы сөзү болуп саналат. Архат романынан да керээз айтуу салтын кездештирүүгө болот. Барластын Адилетке айткан акыркы сөзү төмөндөгүчө берилет: "Бирок акыркы сөзүм ушул. Бул жакта сөөктү көр казып көмбөй турбайбы. Жер катуу, көр казылбайт дейт. Өрттөп ийет экен. Тигине, мен өзүмө отун жыйнап койдум. Эл катарлуу денемди өрттөп ийгиле. Жаным асманга учуп кетээр. Сен өлүк ээси болуп бер иним, Адилет. Акыркы өтүнүчүм ушул" –деп айтат[10].

Романда кездешкен дагы бир керээз айтуу салты бар. Ал дагы Барластын айткан керээзи: "...... менин күлүмдү айнекке салып туруп жердешим Адилетке бергиле. Качандыр ал Ала-Тоого барып калса кыргыздын бир алакандай жерине көөмп койсун"[11] деп айткан экен Барлас.

Кыргыздардагы керээз айтуу салты жөнүндө бир топ илимий эмгектерде айтылып келет. Алсак, адабиятчы А. Акматалиев керээз айтуу жөнүндө: "Мурунтан баштап эле кийин көзүм өтсө, муну мындай кылгыла, тигини тигиндей жасагыла, сөөгүмдү ошол жерге койгула, жайымды тигиндей ойдургула деп айтылып келген"[12], – деп жазганы бар. К.Акматовдун "Архат" романында да Лама Цунун жардамчысы, окуучусу Дейге өзүнүн сөөгүн кандай коюшу жөнүндө төмөндөгүчө айткан жери кездешет: "Алиги арча үкөктү терең чункур казып туруп орноткула да ичине сөөгүмдү лотос порумунда отургузуп туруп үстүнө толтура туз төгүп, капкагын жапкыла. Анан тактай жетпей калган капталына таштан кынап туруп бышыктап көөмп, үстүнө бир белги коюп койгула"[13]. (146-бет)

Жыйынтыктай келгенде К.Акматовдун "Архат" романында фольклор көп кездешет десек болот. Кыргыз элинин турмушун эмес башка улуттун жашоо-тиричилигин чагылдырган бул чыгармада өз улутунун, тактап айтканда бала кезинен эле ата-энесинен угуп жүргөн, же болбосо эл оозунда айтылап жүргөн уламыштарды, кыргыз эли колдонуп жүргөн ырым-жырымдардын негизинде башка улуттун уламыштарын жарата алган.

***Адабияттар***

1. Акматов К. Архат. -Б., 2007.
2. Акматалиев А. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү -Б.: Шам. 2000.
3. Баймырзаев Б. //Адамзаттын эртеңи эмне болот?... Жазуучу К.Акматовдун «Архат» романы жөнүндө // Кут Билим №43, 15.12.05.
4. Бобулов К. Пути развития реализма в киргизской прозе. - Ф.: Мектеп, 1969.
5. Бобулов К. Критика и литературный процесс. –Ф.: Кыргызстан, 1976.
6. Искендерова С. XX кылымдагы кыргыз адабияты жана фольклорунун карым-катышынын айрым маселелери . –Б., 2005.

***Садыкбек кызы Жайна,***
*И. Арабаев атындагы КМУ*

# КЫРГЫЗ АГАРТУУ ИНСТИТУТУ Т.БАЙЖИЕВДИН МАДАНИЙ-ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК ӨНҮГҮШҮНҮН КАТАЛИЗАТОРУ КАТАРЫ

Бир кезде орус элинин атактуу декабристтери менен Александр Пушкин окуган лицей мектеби орус маданиятынын тарыхында кандай роль ойносо, 1925-жылы Пишпек шаарында ачылган Кыргызстан эл агартуу институту (бул окуу жайы 1928-жылдын аягында Фрунзенин Борбордук педагогика техникуму делип аталган) да кыргыз маданиятынын тарыхында дал ошондой ролду ойногон окуу жайы болгон.

Окуу жайынын алгачкы директору Петр Кузьмич Юдахиндин институтта кандай атсмофераны түзгөндүгү жөнүндө З.Бектенов төмөндөгүчө эскерген: «Тез эле окуучулардын баары жатаканага орношуп, класстарга бөлүштүрүлүп 140 баланы кучагына алган кыргыз эл агартуу институту 1925-жылдын 25-октябрында салтанаттуу түрдө Пишпек шаарында ачылып, окуусун баштады. Институтка окуучулар бүт кабыл алынып, аларды класстарга бөлүштүрүп, приказ берилгенден кийин, бардык окуучуларды Кузьмич өзү бирден кабыл алып, тизмелерин өз колу менен жазып, алардын турмуш-абалы, ден соолуктары менен толук таанышып чыкты. Мына дал ошондон кийин, Петр Кузьмич ар бир окуучуну: «Карагым Азым, карагым Ташым, карагым Узак, карагым Сулайман, карагым Султаш!» - деп, окуучулардын баарын өңдөрүнөн жазбай таанып, аларды аттарынан чакырчу болду.

Петр Кузьмичтин элден бир артыкчылыгы казак тилин суудай билчү. Революцияга чейин, мугалимдик семинарияны бүтүргөндөн кийин, казак элинин арасында көп жылы мугалим болуп жүрүп, казак тилин жакшы билип алыптыр.

Эми кыргыз жергесинин бардык булуң-бурчтарынан келген кыргыз балдарына Петр Кузьмичтин: «Карактарым, айланайын!» - деп мамиле кылышы бизге өз ата-энелерибиздин жалынып, жалбарганындай угулуп, биз Петр Кузьмичтин ал кайрылуусун чоң урмат менен кабыл алчубуз.

Ар күнү эртең менен эрте саат алты жарымда бир колуна – куш коңгуроо, бир колуна таяк алып, окуу-

чулардын бөлмөлөрүнө кирип куш коңгуроосун шыңгыратат да: Кыргыз элинин азаматтары, туруңдар, карактарым! Сендер окуу окуп, билим алганы келген азаматсыңар, карактарым! Сендерди Ала-Тау күтүп жатыр, аке-чечеңер күтүп жатыр, карактарым! Эрте туруп, таза жуунуп, наңүштөгө барыңдар! Сабакка кечигесиңер! – деп, бир сыйра ойготуп кетет.

Кыргыз Республикасынын туңгуч эл агартуу институтунун биринчи директору Петр Кузьмич Юдахин кыргыз элине эбегейсиз зор эмгек сиңирген, кыргыз элинин маданиятынын тунгуч калыгачтарын окутуп, уядан учурган орус элинин ак ниет айкөл уулу болчу. Анын эстелигин Дзержин көчөсүнө тургузуп койсо да арзый турган адам эле. Анын тарбиясын алган биз бүгүнкү күнү анын жаркыраган элесине тизе бүгүп, таазим этебиз» (Бекбенов З. Замандаштарым жөнүндө эскерүүлөр.–Бишкек, «Плюс», 1996, 84-85-бб.).

Петр Кузьмич Юдахин чыныгы педагог болгон. Анын педагогикадагы гумандуулукту талап коё билүүчүлүк менен айкалыштыруу жөнүндөгү теорияны жетекчиликке алып иш жүргүзгөндүгү З.Бектеновдун эскерүүлөрүнөн ачык көрүнүп турат. Ошол эле З.Бектенов аталган эскерүү китебинде Кыргыз агартуу институтунда өкүм сүргөн атмосферанын дагы бир жагын мындайча сүрөттөйт:

«Киринпростун ичинде тез эле темирдей тартип түзүлүп, окууга келбей же жазылган ийримдеринин иштерине катышпай, окуучулар комитети менен комсомол уюмдарынын жыйналыштарына келбей, залактап, көчө таптап, кыздарды азгырып ээрчитип, кинолорго кетчүлөр окуучулардын арасында алгачкы мезгилдерде анча-мынча болсо да, андай тартипсиздиктер тез эле кан буугандай тыйылды. Окууну, комсомолдун жыйналышын, окуучулардын чогулушун, саясий-драмалык ийримдердин иштерин таштап, эки жакка руксатсыз басып кетүүлөр эч болчу эмес. Эгерде андайлар боло калса, жалпы жыйналыштарда талкууланып, аларга тиешелүү чаралар колдонулчу. Ошентип, биздин окуучулардын өздөрүн өзү башкаруусундагы темирдей тартип, окуучулардын терен билим алышына, коммунисттик духта тарбияланышына чоң өбөлгө болгон эле. Ал кезде Киринпростун окуучуларынын ички тартиби мына дал ушундай катуу болучу. Сабакка, ийримдин иштерине жана бардык уюмдардын жыйналышына үзбөй катышуу – бул биздин окуучулардын алдыларында турган ыйык милдет эле. Алардан чет жакка эч ким бура басалчу эмес» (Бектенов Зияштын көрсөтүлгөн китеби, 102-б). Петр Кузьмич Юдахиндин «Карагым Ташым» деп эркелетип кайрылышы, эртең менен коңгуроосун шыңгыратып, тургула карактарым, силерди билим алып, азамат болсун деп ата-энеңер күтүп жатат деген мээримдүү ойготуу, жоопкерчиликти сезүүнү өтүнүшү өзүнүн атасындай мамиле жасашы жаңыдан студент болгон Ташымдын көңүлүн эритип, бир чети таңгалтырып, жан дүйнөсүнө канат бүтүрүп, илим-билимге жагымдуу психологиялык маанайда шыктангандык менен умтулуусуна стимул берген. Ошону менен бирге, көрүнүп тургандай, окуу жайда жоопкерчиликтин жана темирдей тартиптин духу да орногон. Темирдей тартиптин эмне үчүн керек экендигин окуу жайдын жетекчилиги жаштарга түшүндүрө билген. Тартип жана жоопкерчилик өздөрүнүн кызыкчылыгы үчүн экендигин студенттер жакшы түшүнгөн жана алар өздөрүн алкактын ичинде камалгандай сезген эмес. Агартуу институтундагы администрация тарабынан адамкерчиликтүү мамиленин жана тартиптин атмосферасы Ташым Байжиевге убакытты үнөмдөөгө, өзүн өзү чектеп, жоопкерчиликке үйрөнүүгө, убакытты түркүн ийримдерге, жолугушууларга катышууга, китеп окууга жана чыгарма жазууга, сабактарга дыкат даярданууга зарптоого үйрөткөн. Адамды өзүн өзү уюштуруп, көп нерсеге жетишүүгө шарт түзгөн темирдей тартип жагдайы Ташымдын сабакты мыкты окуп, алдыңкы студент болушуна сүрөө болгондугу З.Бектеновдун эскерүүсүнөн көрүнүп турат: «Бизге Базаркул Данияров сочинениени көп жаздырып, аны үйдөн өзү текшерип келип, эң мыкты жазылгандарын класска келип окуп бере турган. Биздин класстын жазган сочинениелеринен Абдылда Байымбетовдун сочинениесин, Ташым Байжиевдин жазган сочинениесин аябай мактачу» (Ошондо, 90-б.).

Т.Байжиевдин институттун окуу бөлүмүнүн башчысы, алгачкы агартуучуларды бири Базаркул Данияров аябай мактаган сочинениелерди жазып, жакшы окуусуна жалаң эле гумандуу мамиле менен бекем тартип жетишсиздик кылат эле. Бул экөөнөн башка да белгилүү бир реалдуу окуу-педагогикалык базанын түзүлүшү керек болучу. Азыркыдай жетиштүү болбосо да, алгачкы базанын институтта бар экендигин кайрадан ошол эле З.Бектеновдун эскерүүсү күбөлөйт: «Базаркул агай ар дайым сөздүн туурасын айтып, кара кылды как жарган калыс киши эле. Анын айтканын Киринпростун мугалимдери менен окуучулары гана эмес, ошол кездеги кыргыз интеллигенттеринин көпчүлүгү эки дечү эмес. А киши студенттерге дайыма мындай деп акыл- кенешин айтып турчу: «Силерди өзүнчө окуп, билимдерин терендетсин деп, илимдин ар бир тармагы боюнча кабинеттер уюштуруп, ага шкафтар коюп, ал шкафтарга орус, казак, өзбек жана татар тилдериндеги китептерди толтуруп койдук. Ошол кабинеттерге бош убактыңарда барып, кайсы тилде жакшы түшүнсүңөр, ошол тилде жазылган китептерди алып окуп, өзүңөрчө билиминерди терендете бергиле! Колдон келишинче орус тилиндеги адабияттарды көбүрөөк окуп, орус тилин жакшы билүүгө аракеттенгиле. Анткени, орус тили Союз боюнча биздин орток тилибиз. Бул тилди жакшы билген кишиге бардык жерде жол ачык. Мындан ары да силерге керектүү адабияттарды Казань жана Ташкенттен жаздырып алып, бардык кабинеттерди жыл сайын толуктап турабыз. Кымындай да убактыңар бошко кетпесин. Силер мында келгенде жакшы окуп, терең билимге ээ болобуз деп келген азаматтарсыңар. Көчөгө сейилдеп бассаңар да, колтугунарда китеп болсун. Китепти тытпай, кирдетпей, таза пайдалангыла. Силерден кийин ал китептен башкалар да пайдаланары эсиңерде болсун!» (ошондо, 100-б.).

Т.Байжиев институттун ушул түзүлгөн китепканасынан орусча, татарча, казакча китептерди күн-түн тырышып окуп билимин көтөргөн дешке негиз бар. Тиешелүү маданий деңгээл, кругозор болбосо, жанагындай мактоого арзыган сочинениелерди ал жаза албайт эле. Институттун китепканасы Т.Байжиевдин илим-билим жагынан өнүгүшүнүн өзүнчө бир катализатору болгон.

Окуу жайына даталуу күндөрдө дайыма чакырылып, докладдарды, лекцияларды окуп берип турушкан ошол кездеги көрүнүктүү өкмөт ишмерлери менен болгон жолугушуулар да, Т.Байжиевге кайталангыс таасирин тийгизген: «Ар бир тарыхый даталарга (Октябрь майрамына, жаңы жыл, 23-февраль, 8-март, 18-март, 22-апрель, 1-май, 5-май ж.б.) арналган окуучулардын салтанаттуу чогулуштарына келип каты-

шып, окуучуларга доклад жасап бериш үчүн: Ю.Абдрахмановду, Б.Исакеевди, Ж.Саадабаев, Т.Токбаев, О.Алиев, Э.Эсенаманов, Т.Айтматов, С.Кулматов, А.Орозбеков, Т.Кудайбергенов, Н.Кулназаров, Б.Мээрханов жана башка чоң иштеги кызматчыларды чакырып келер эле. Алардын келерин бизге эки, үч, күн мурда айтып аларды күтүп биз камылга көрүп калчубуз. Чондор келип доклад жасаганда, биз окуучулар такалуудан тай калбай чогулуп, клубга батпагандарыбыз анын эшик-терезелерин ачып коюп, зор ынта менен угар элек» (ошондо, ).

Жусуп Абдрахманов, Баялы Исакеев, Төрөкул Айтматов, Абдыкадыр Орозбеков сыяктуу Кара кыргыз автономиялуу областынын жетекчилери менен кездешүү, алардын сөздөрүн, ой жүгүртүүлөрүн, эскерүүлөрүн, бүгүнкү күн жана келечек жөнүндөгү ангемелерин жакындан угуу алыскы көл башынан окуу издеп борборго келген элеттик жаш жигит үчүн ойго келбеген жана таң каларлык жаңылык болуп, анын эсинен чыккыс окуялардан болуп калганы өзүнөн өзү түшүнүктүү. Мындай жолугушуулардан улам Ташымдын дүйнө таанымы кеңейип, оюнда ушул залкарлардай алдыңкы адам болуу тууралуу кыял чабыттатып, көп окуп, көп мээнеттенип, алдыга карай дагы күчөп умтулууну ал максат кылбай койбогон.

Кыргыз агартуу институтунда айрыкча адабият сабагы кызыктуу өткөн. Тили жакын болгондуктан айрыкча татар, казак адабияттарынын чыгармалары институттун студенттеринин арасында популярдуу болгон.

«Көркөм адабиятка, бизге алгачкы кадамды шилтетип, көркөм дүйнөгө көзүбүздү биринчи ачкан да Базаркул Даниярович болгон эле. «Кооз адабият», «макала», «кабар», «роман», «тамсил», «ойдон жазма» (сочинение), «ыр», «поэма», «пьеса», «драма», «комедия», «трагедия», «сын» жана ушул сыяктуу толуп жаткан адабий терминдерди бизге биринчи жолу Базакем окуткан эле. Искусствого биздин аягыбызды биринчи шилтеткен, казак элинин Абай, Ахмет Байтурсунов, Магжан Жумабаев, Жусупбек Аймаутов, Мухтар Ауэзов, Майлын Байымбеттердин адабияттары менен бизди тааныштырган да биздин завучубуз Базаркул Данияров болгон эле» (ошондо, 88-б.).

Көрүнүп тургандай, көркөм адабияттын теориясынан сабак алуу, айрыкча тектеш казак адабиятынын чыгармаларын аудиторияда талдоо, талкуулоо, каармандардын берген адеп-ахлактык сабактары көркөм чыгармачылыкка талпынган Ташым Байжиев үчүн өзгөчө кызыгууну жаратып, анын адабий-теориялык сабатынын ачылышында, эстетикалык-этикалык түшүнүктөрүнүн кеңейишинде баа жеткис роль ойногон.

Кыргыз агартуу институтунда анын уюшулган күнүнөн баштап эле драмалык ийрим уюшулуп, ал активдүү иштеген. Бишкектин тарыхында кыргыз тилинде биринчи коюлган пьеса бул агартуу институтунун студенттери 1925-жылы сахнага алып чыккан "Койчу" аттуу пьеса болуп эсептелет. Агартуу институтунун өз демилгелүү театры учурунда атагы шаар ичине кеңири жайылып, өзүнчө эле бир маданияттын очогуна айланган.

1925–1929-жылдарда институттун драмалык кружогунун сахнасында "Койчулар", "Айылда", "Лениндин уулу", "Түштөө", "Биз комсомол", "Карачач", "Алым менен Мария", "Жоголсун байлар", "Кайгылуу Какей", "Эскиден калган энчилер", "Теңдик жолунда", "Чалкан чаккандар", авторлору белгисиз "Жесир доо", "Бөйдө чыгым", "Аргынбай", "Чанчар молдо", "Зарлык", "16-жыл" жана башка бир нечелеген бир көшөгөлүү жана көп көшөгөлүү пьесалар коюлган. Педтехникумдун студенттери койгон спектаклдер менен концерттер ошол мегилде көрүүчүлөрдүн арасында чоң уу-дууну жаратып, ар бир көрсөтүлгөн оюн кызуу тосулуп алынган. "Кээде билет сатылып, биздин койгон оюнубузга бүткүл шаар келүүчү," - деп эскерген Кубанычбек Маликов. Ал эми, Зияш Бектенов мындайча эскерген: "Биздин окуучулар жаңы оюн коердо, конвертке салып, кыргыздын жооптуу кызматчыларынын он-онбешине төлөмөр билет таратчубуз. Ал оюндарыбызга Кыргызстандын Борбордук аткаруу Комитетинин председатели Абдыкадыр Орозбеков баш болуп, республиканын жооптуу кызматчыларынын чакырылгандары аялдарын ээрчитип бүт келишчү да, оюнубузду кунт коюп көрүшүп, ыр, хорлорубузду, декломацияларыбызды жыргап угуп отурушчу" (З.Бектенов. Замандаштарым жөнүндө эскерүү - Б., «Плюс»,1996. 115-бет.).

Театрдын тарыхына байланышкан эскерүүлөрдө, мемуарларда, драмалык ийрим үчүн пьесаларды, драмалык сахналарды, интермедияларды негизинен К.Жантөшевдин, М.Элебаевдин, Б.Калпаковдун, Сыдык Карачевдин, Ташым Байжиевдин жазышкандыгы, коюлган спектаклдерге М.Элебаевдин, К.Жантөшевдин, Б.Калпаковдун режиссерлук кылышкандыгы, роль да аткарышкандыгы, М.Элебаев менен Т.Байжиевдин көбүнчө аялдардын ролун ойношкондугу эскерилет (Караңыз: Күмүшалиев К. Кыргыз театрларынын жаралышы – Ф., «Мектеп», 1972, 119-бет).

20-жылдардагы Кыргыз агартуу институтунун драмалык ийриминин тарыхый маанисн жөнүндө изилдөөчү Салижан Жигитовдун төмөнкү корутундусу ынанымдуу угулат: "Өз демилгелүү драмалык кружоктун ишине ынтызарлык менен катышуу, асыресе кружоктун репертуары үчүн үстөкө-босток үйрөнчүк пьесалар жазуу - биздин жаш калемгерлердин чыгармачылык тагдырына өтө күчтүү таасир тийгизгени талашсыз факт. Ал калемгерлер ошондой чыгармачылык жумуш аркылуу өздөрүнүн көркөм шыгын ойготуп, калемин курчутушкан, театр сахнасынын орчундуу заң-законун жана өзгөчөлүктөрүн үйрөнүп, драма жазуунун элементардык жол-жоболорун таанып билишкен. Эгер алардын көпчүлүгү кийин белдүү драматург болуп чыгышса, бир даары драматургия майданында белсенип ат салышса, мында педтехникумдун айтылуу драма кружогунун багыт жана шык берүүчү кызматы кадимкидей чоң болгон деп айтууга толук негиз бар" (С.Жигитов, 20-жылдардагы кыргыз адабияты – Фрунзе, «Илим», 1984-жыл, 91-92-беттер). Салижан Жигитовдун бул ойлору түздөн-түз Ташым Байжиевге да тиешелүү. Себеби, эскерме адабияттардан көрүнүп тургандай, Т.Байжиев драмалык ийримдин жигердүү мүчөсү болуп, ийрим үчүн башкаларга кошулуп, пьесаларды жазып, сахнада артист болуп, каармандардын ролдорун аткарып, активдүү турмуш менен жашаган. Ал драмалык ийрим аркылуу пьесачы жана аткаруучу катары айлана-тегерекке жакшы белгилүү болуп калгандыктан, окууну бүткөндөн кийин аны кыргыз театрына кызматка чакырышкан: «1930-жылы биз Борбордук Педтехникумду бүтүрдүк. Техникумдун бүтүргөн жигиттерден – Мукайды, Касымалыны жана Ташымды Кыргыз драм театрына кызматка чакырганда – үчөө тең баш тартышты. Мукай, Касымалылар Бишкекте калып, Ташым экөөбүз Ош жакка кеттик» (Бектенов З. жогорудагы көрсөтүлгөн китеби, 147-бет). Кыскасы, Кыргыз агар-

туу институтунун драмалык ийрими Ташым Байжиевдин инсандык жана көркөмдүк-маданий жактан жетилиши үчүн өзүнчө эле бир мектептин ролун аткарган дешке негиз бар.

Агартуу институту иштей баштаган күндөн тартып эле адабий ийрим уюштурулуп иштеген жана ал барабара активдешип отуруп, «Кызыл учкун» аттуу чоң ийримге айланган. Ийримдин алдында «Үмүттүү жаш» аттуу дубал газета чыгарылып, ага чыгармачыл жаштар, анын ичинде Ташым Байжиев үзгүлтүксүз макала жазып турган. «Адабият ийримибиздин жыйналышы, «Кыргыз тилинин жана адабиятынын кабинети» деп аталган, терезелери короону караган кабинетте өтө турган. Ал кабинеттин дубалына Гоголдун, Пушкиндин, Толстойдун окуучулар сүрөт ийиминде тарткан портреттери илинип турар эле. Эгер сүрөт, хор, драм ийримдеринин окуусуна окуучулардын басымдуу көпчүлүгү катыша турган. Кабинетке батпаган окуучулар эшикти ачып коюп, коридордо туруп угушчу, анткени, ал ийримге кыргыздын ошол кездеги белгилүү окумуштуулары, адабиятчылары келип, докладдар жасай турган» (Бектенов З., Көрсөтүлгөн китеби, 79-бет). З.Бектенов жазгандай адабий ийримдин жыйналыштарына Касым Тыныстанов, Баялы Исакеев, Базаркул Данияров, Токчоро Жолдошев, Касымалы Баялинов, Сатыбалды Нааматов, Аалы Токомбаев, Калим Рахматуллин, Сыдык Карачев, Шарип Көкөнов, Айткулу Убукеев, Мукамбет Дөгдүров, Бөрү Кененсарин, Байсерке Калпаков, Аскар Идрисов сыяктуу кыргыздын ошол кездеги чыгаан чыкма уулдары жана коомдук ишмерлери, лекция, доклад окушуп, адабий талкууларга, талдоолорго активдүү катышышып турушкан. «Кызыл учкун» жеке Кыргыз агартуу институтунда окуган келечектеги акын-жазуучулардын жана адабиятчылардын гана ийрими болбостон, бүткүл кыргыз көркөм интеллигенциясынын уюму болуп калган. Ташым Байжиев өзү менен окуган Мукай Элебаев, Жума Жамгырчиев, Узакбай Абдукаимов, Касымалы Жантөшов, Масыралы Кырбашев, Саткын Сасыкбаев, Жоомарт Бөкөнбаев, Кубанычбек Маликов, Мамасалы Абдукаримовдор менен бирге «Кызыл учкундун» эң активдүү мүчөлөрүнөн болгон. Ошол кездеги жазуучу жана драматург катары Сыдык Карачев «Кызыл учкундун» жыйналыштарынын биринде Т.Байжиевдин жазган чыгармаларын талдап жатып, **«Баралына келгенде Ташым чоң жазуучу болот»**, - деп мактаганын ошол эле Зияш Бектенов эскерип жазган (Бектенов З., Көрсөтүлгөн китеби, 81-бет). Ушул фактынын өзү студент Т.Байжиевдин ийримдин чок ортосунда болуп, адабий жагынан тотугуп, илгерилеп жүргөнүн күбөлөп турат.

«Кызыл учкун» адабий ийримине мүчө болуу, андагы дайыма өтүп турган адабият жөнүндөгү талкууларга, чыгармаларды талдоолорго, талаш-тартыштарга активдүү катышуу жана ошондой эле, ошол кездин атактуу «Касым ырларынын жыйнагы» аттуу алгачкы ыр китебинин автору, белгилүү акын Касым Тыныстановдун, тунгуч сынчы Токчоро Жолдошевдин, алгачкы жазуучу Сыдык Карачевдин жана башка белгилүү чыгармачыл инсандардын лекцияларын, докладдарын, алардын көркөм сөз өнөрү жөнүндөгү ой толгоолорун угуу Ташым Байжиевдин кругозорун кеңейтип, адабий даярдыгын арттырып, ой жүгүртүүлөрүн курчутуп, көркөм түшүнүгүн өйдөлөтпөй койгон эмес. Адабий ийримден таалим алып, калеми төшөлүп, жазуучулукка талпынган Ташым Байжиев бара-бара «Эркин-Тоо» газетасы жана «Жаңы маданият жолунда» журналы менен кызматташа баштаган. **«1928-жылы Касым менен Төрөкул Айтматовдун демилгеси менен жарык көргөн «Жаңы маданият жолунда» журналы кыргыз жазуучулардын тушоосун кести. Анын биринчи сандарына У.Абдукаимовдун аңгемеси, Жума Жамгырчиевдин ырлары, Ташымдын «Суу боюнда» деген аңгемеси, менин «Жүрөк оозго тыгылганда» аттуу аңгемем, К.Маликовдун, М.Кырбашевдин, Ж.Бөкөнбаевдин ырлары жарыяланды»** (З.Бектенов, Жан досум – Ташым, Китепте: Ташым Байжиев – Бишкек, «Учкун», 2003, 10-бет). Кыргыздын тунгуч маданий-адабий журналына алгачкылардан болуп аңгемесинин жарыяланышы – бул Т.Байжиевдин «Кызыл учкундан» чыйралып, «такалангандыгынын» далили.

Т.Байжиев «Кызыл учкун» ийримине катышуу менен эле чектелбестен ошол эле учурда, жогоруда айтылгандай «Эркин-Тоо» газетасынын редакциясы менен да активдүү кызматташып жардам берген. Өзүнүн институтта чогуу окуган улуу-кичүү курбулары менен анын газетага кандайча көмөк көрсөтүп, кызмат кылгандыгы жөнүндө жазуучу Мамасалы Абдукаримов төмөндөгүчө жазган: «1924-жылы Орто Азия элдеринин улуттук чек аралары бөлүнгөндөн кийин «Эркин-Тоо» газетасы жана «Казак-Кыргыз билим журтунун» студенттери бүт бойдон кыргыз автономиялуу областынын мурдагы борбору Пишпек шаарына көчүп келди. Мында «Эркин-Тоо» республикабыздын ушул кездеги экинчи номерлүү басмаканасынан чыга баштады. Биз болсок областтык борбордо жаңыдан ачылган педагогикалык техникумда окуй баштадык. Мен мына ушул техникумду «Эркин-Тоо» менен киндиктеш деп айтар элем. Себеби, педагогикалык техникум улуттук жаңы газетанын биринчи кабарчыларынын, активдүү авторлорунун уюткусу болду. Техникумдун ошол кездеги студенттеринин көбү, атап айтканда: **Мукай Элебаев, Касымаалы Жантөшев, Кубанычбек Маликов, Жоомарт Бөкөнбаев, Жума Жамгырчиев, Узакай Абдыкаимов, Өмүркул Жакишев, Масыраалы Кырбашев, Зыяш Бектенов, Ташым Байжиев, Тазабек Саманчин** жана башкалары «Эркин-Toонун» эң активдүү авторлору, аны эл арасына таратуунун жалындуу агитаторлору болушкан жана алардын кээ бирлери ушул кезде да аны менен байланыштарын үзбөй келе жатышат. Ал мындай турсун, «Эркин-Тоо» өз элине, өз жерине келип, жаңыдан гана «тай-тайлап» баса баштаган кезде техникумдун көп окуучулары, ошолордун ичинен ушул эстеликтик автору да аны жөлөп-таяп колдоочулардан болушкан: ал кезде кыргыздын өзүнүн жазуусу болбогондуктан, анда кат-кабарларды басып берүүчү кыргызча машинкалар да болгон эмес. Ошондуктан редакцияга келген ар түрдүү кабарларды басмаканадагы арип терүүчүлөр такалбай окуй тургандай кылып көчүрүп жазуу – эң зарыл жумуштардын бири болгон. Ошондуктан бул ишке негизинен техникумдун студенттери барышып, алар кыргыз тилинде машинкалар жана машинисткалар пайда болгонго чейин газетанын көчүрмөчүлөрү болуп кала беришти» (Мамасалы Абдукаримов. Киндиктеш. –Китепте: Турмуш күзгүсү. – Ф.: Кыргызстан, 106-107-бб.).

Мына ушинтип, Ташым Байжиев тунгуч акын-жазуучулар менен бирге кыргыз элинин «төл башы» газетасы «Эркин-Тоонун» газета катары бутуна туруп калыптанышына өз учурунда студент-кабарчы, көчүрмөчү катары салымын кошуп, өзү да газета менен кошо гражданин, атуул, патриот катары өсүп - өнүккөн.

Жыйынтыктап айтканда, Бишкектеги алгачкы кыргыз агартуу институту, анын өтө интенсивдүү жана активдүү жүргүзүлгөн окуу-тарбия иштери, анда ошо кезде өкүм сүргөн илим-билимдин культу, алга умтулган пафосу Ташым Байжиевдин маданий-интеллектуалдык өнүгүшүнүн өзүнчө бир катализатору болгон. Муну жогорудагы келтирилген фактылар ачык-айкын далилдеп турат.

### Инсан аралык мамилелер (межличностное общение) фактору

Ташым Байжиевдин инсан жана илимпоз катары калыптанышын түшүндүрүүдё жалаң кыргыз агартуу институтунун ролун көрсөтүү менен чектелүү жетишсиздик кылат. Маселеге илимий мамиле инсанды коомдогу ар түрдүү социалдык байланыштардын жана мамилелердин системасында, социалдык контекстке карай билүүнү талап кылат. Социалдык психология индивиддин ан-сезиминин калыптанышында, рухий жактан өнүгүшүндё адамдар арасындагы жекече ымаланын, катнаштын, (межличностное общение) инсандар арасындагы жекече контакттын, өз ара оозеки коммуникациянын ролу зор деп эсептейт. Жекече катнаштын, пикирлешүүнүн учурунда адамдар бири-бирине рационалдык жана эмоционалдык жактан таасир кылышат; ойлорду жана тажрыйбаларды алмашышып, бири-бирин өстүрүшөт. Ушул айтылган ойлордун чындыгын Зияш Бектеновдун 30-жылдардын баш жактарында башынан өткөн төмөнкү жагдай жакшы далилдеп турат. З.Бектеновго сөз берели.

«Кыргыз элинин «Аганы көрүп ини өсөт, эжени көрүп синди өсөт» деген сөзү эң туура айтылган кеп экен. Мен орто билимдүү болуп, жаңыдан эмгек сапарына кадам шилтеген кезимде кыргыз элинин ошол кезде чоң кызматтарда иштеп жүргөнбелдүү интеллигенттеринин чөйрөсүндө болуп, алардын адамдарга жасаган мамилелери, иштеген иштери, баскан турганы, сүйлөгөн сөздөрүнөн үлгү, тарбия алып калгандыгым үчүн мен өзүмдү абдан бактылуу адам экенмин деп эсептеп жүрөмүн. 1931-1932-жылдарда Москвада ЦИК СССРдин президиумдун алдындагы СССР элдеринин Борбордук басмаканасындагы Касымалы Баялинов жооптуу редактор, мен анын орун басары болуп иштеп калдык. Эми ойлоп отурсам, бир кезде Касыкем экөөбүз Москванын Борбордук басмаканасында бирге иштеген кезибиз менин өмүрүмдөгү айта жүрө турган эң сонун учур болгон экен. Анткени, Касыкем менин эмгекке жоопкерчилик менен мамиле жасоого, түрдүү окумуштуулардын докладдарын угуп, адабиятчылардын талкууларына катышып, билимимди көтөрүүгө, коомдук жайларда өзүмдү маданияттуу кишилердей алып жүрүүгө тарбиялап, мени кыргыздын чоң-чоң жетекчи кызматчылары менен тааныштырып, алардын ишинен, баскан-турганынан, адамга жасаган мамилелеринен үлгү алуума себепчи болгон экен. Менин эмгек сапарымдын алгачкы кадамында мага акыл-насаат айтып, иштин көзүн таанытып, баш тоголоткон, маданияттуу жүрүш-туруштун эрежесин үйрөтүп, чоң окумуштуулардын докладдарын,угуп, терең билим алуунун жолун көрсөткөн алгачкы насаатчым Касымалы болгон эле. Касыкемдин ошол кезде мага эткен жагымдуу таасири мага өмүр бою өрнөк болду. Мен Касыкемдин ал жакшылыгын эч качан унутпайм! Аны ар дайым улуу сыймык менен эскерем!» (З.Бектенов көрсөтүлгөн китеби, 130-бет.). Зияш Бектеновдун бул эскерүүсү инсан аралык карым-катнаштардын адамдын адам катары калыптанышына жана маданиятынын түптөлүшүндө өзгөчө иштиктүү рол ойной тургандыгынын күбөсү.

Инсан аралык мамилелердин фонунда караганда Ташым Байжиевдин башкаларга окшобгон өзүнчө бир өзгөчөлүгү болгон. Турмушта мамилелешкен адамдар менен тез тил табышканга анын мүнөзүнүн өзү ыңгай түзүп турган. Т.Байжиевдин уулу Мар Байжиев атасы жөнүндө мындай деп эскерет: «Атам жапалдаш бойлуу, буудай жүздүү, тармал чач, маңдайы жарык адам эле. Мүнөзү да жумшак, ак көңүл, ачык, жамандыкты ойлобогон, айлана-чөйрөдөгү ачуу-таттуу, жамандык-жакшылыкты жүрөгү менен кабыл алган, шайыр, кандай болбосун дайыма эл ортосунда, конокко барса, тегерегинде күлкү, шаң, куудул анекдоттор, ыр. Татынакай үнү да бар эле. кээде Абдылас абама (Малдыбаевге) атайын тийишип, анын ырларын өзүнөн да шаңдуу ырдаса, Касымалы абам (Жантөшев), Мусакем (Баетов) – «Ой, Ташым, ушу сен артистигиңди бекер таштадың! – дешсе, Абдыласты аядым. Мен ырдасам, мунуңар СССРдин эл артисти болбой калмак», - деп борс-борс күлүп койчу. (Көрсө, техникумда окуп жүргөндө Мукай Элебаев баш болуп өзүлөрү пьеса жазып, Абдылас Малдыбаев кыздардын ролун, атам келиндин ролун аткарчу экен)» (Байжиев Мар. Атам жөнүндө эскерүү. Китепте: Ташым Байжиев). Мына ушинтип, мүнөзү ачык, ак көңүл, жакшынакай ырдай билген, куудул сөздөрдү айтып, айлана тегерегин күлдүрө билген, кишилер менен бат контакт түзүп, чын ыкластан мамиле жасай алган, ишенимге тез кирген Т.Байжиев өзүнүн өз ара алакага жатыктыгы, ийкемдүүлүгү аркылуу көптөгөн талanttуу, белгилүү инсандар менен коюн-колтук алышкан карым-катышта болгон. Бул карым-катыш, алака-мамиле өз кезегинде анын инсандык өсүп-өнүгүүсүнөургалдуу таасирин тийгизген.